www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Көркөм өнөр факультети факультети
Графика бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
KGZ-102	КЫРГЫЗ ТИЛИ II	KIRGIZCA II	2	2 + 0	2	2

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Док. Мира Ибраева
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	-
Аудитория	422
Курстун максаты	Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөтүү. Расмий иш кагаздарын жаза билүүгө машыктыруу. Студенттин кыргыз тили (фонетика жана орфоэпия, графика жана орфография, лексикология, фразеология, грамматика, морфология, сөз түркүмдөрү, синтаксис) боюнча билимин тереңдетүү. Программада белгиленген кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү жана чыгармачылыгы менен кыскача тааныштыруу. Чыңгыз Айтматовдун айрым чыгармаларынын үстүндө иштөө менен, студенттердин көркөм ой жүгүртүүсүн калыптандырып, сөз байлыгын арттыруу. Кепте макал-ылакап, фразеологизмдерди колдоно билүүгө, көркөм сүйлөө көнүктүрүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	1. Кыргыз тили. Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов, А. Турсунов. Ф.: Мектеп, 1986.	Китеп
2	2. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. /Түз.: А. Исманкулова, Р. Солтобаева. Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы ред., 2016.	Китеп
3	3. Кыргыз тилинин справочниги.	Китеп
4	4. Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттеринин укма диски жана ушул чыгарманын түпнускасы.	Китеп
5	5. К. Кулалиеванын «Иш кагаздарын жүргүзүү» окуу китебинин укма диски.	Китеп
6	6. Э.Төлөкова, Т.Абылкасымова, А.Бейшеева, А.Исмаилов, М.Ибраева. Көркөм чыгармалар боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагы. Улантуучу топтор үчүн. окуу куралы. 2011.	Китеп
7	7. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Соңку редакциясы / Кырг. Респ. Президентине караштуу Мамл. тил боюнча улут. комис. Бишкек, 2013.	Китеп
8	8. Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгы.	Китеп
9	9. Барпы Алыкуловдун өмүрү жана чыгармачылыгы.	Китеп
10	10. Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы.	Китеп
11	11. Кошумча көркөм чыгармалардын үстүндө иштөө.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Студент сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын кыргыз тилинде эркин айтып, түшүндүрө билүүгө жетишет. Расмий иш кагаздарын сабаттуу жазууга үйрөнөт. Кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү жана чыгармачылыгы менен кыскача таанышып чыгат. Көркөм сөз каражаттарын терең үйрөнүү максатында Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын (2 повестин) окуйт.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**

Курстун планы	
1. Апта	Киришүү. Курстун негизги максат-милдеттери. Окуу процесси тууралуу методикалык көрсөтмөлөр. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери.
2. Апта	Көркөм стиль. Көркөм текст менен иштөө. Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” повести (укма диск жана чыгарманын түпнускасы менен иштөө).
3. Апта	Ат атооч. Өздүк иш кагаздары: Ишеним кат.
4. Апта	Тактооч. Өздүк иш кагаздары: Жарыя.
5. Апта	Этиш. Өздүк иш кагаздары: Кулактандыруу.
6. Апта	Тууранды сөздөр. Өздүк иш кагаздары: Чакыруу.
7. Апта	Грамматикалык көнүгүүлөр. Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгы. Көркөм текст менен иштөө.
8. Апта	Кызматчы сөздөр: Байламталар.
9. Апта	Көркөм стиль. Көркөм текст менен иштөө. Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести (укма диск жана чыгарманын түпнускасы менен иштөө)
10. Апта	Барпы Алыкуловдун өмүрү жана чыгармачылыгы. Көркөм текст менен иштөө. Өздүк иш кагаздары: Маалымдама (Маалым кат).
11. Апта	Кызматчы сөздөр: Жандоочтор. Өздүк иш кагаздары: Акт.
12. Апта	Кызматчы сөздөр: Бөлүкчөлөр. Өздүк иш кагаздары: Протокол.
13. Апта	Модалдык сөздөр. Иш кагаздары: Буйрук.
14. Апта	Сырдык сөздөр. Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы. Көркөм текст менен иштөө.
15. Апта	Синтаксис. Сөз айкашы. Сүйлөм. Чыңгыз Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести боюнча тесттик иштердин үстүндө иштөө.
16. Апта	Жыйынтыктоочу сынак

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**100**
Финал сынагы	1	60	